КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

Жергиликтүү кеңешинин

ТОКТОМУ

“05” 10 2026-ж №102 **Кызыл-Суу айылы**

Республикалык бюджеттен максатуу трансферт аркылуу келген акча каражатын 2026-жылдын бюджетине кошумча пайдалануу жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-августундагы “Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2018-2025-жылдарга Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башкы пландарынын иштеп чыгуу боюнча программасын бекитүү жөнүндөгү” №490 токтому менен бекитилген программага ылайык, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 55-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат.**

1.Республикалык бюджеттен максаттуу трансферт аркылуу келген 2816600 (эки миллион сегиз жүз он алты миң алты жүз) сомду максаттуу түрдө пайдалануу боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновдун билдирүүсү эс алынсын.

2.2026-жылдын жергиликтүү бюджетине республикалык бюджеттен трансферт катары келип түшкөн 2816600 (эки миллион сегиз жүз он алты миң алты жүз) сом акча каражатын Саруу айылынын калктуу конуштарынын башкы планын бекитүүгө жумшалсын.

3.Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновго республикалык бюджеттен максаттуу трансферт аркылуу келген 2816600 (эки миллион сегиз жүз он алты миң алты жүз) сом акча каражатын максаттуу чыгымдоо жагы милдеттендирилсин.

4.Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веп сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кеңешинин жоопту катчысы А.Ташбаевага тапшырылсын.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин бюджет жана финансы маселелер боюнча туруктуу коммисиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновго тапшырылсын.

Төрайым **Г.Чыныбаева**